**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөсү п.и.д., проф. Н.А. Асипованын изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин "Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каржаты катарында" аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча**

# ЭКСПЕРТТИН КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., профессор Асипова Н.А. изденүүчү Н.К. Омуров тарбынан жазылган " Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каржаты катарында" аттуу темадагы диссертациялык ишти карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иш 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине байланыштуу жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлар тарабынан даярдалып жаткан адистердин заман жана коом талабына жооп берүүчү билим сапатын башкаруу маселесине арналган.

2. **Диссертациялы иштин темасынын актуалдуулугу.**

Жалпыснан алганда диссертациялык иштин темасы актуалдуу, себеби Кыргыз Респуликасынын социалдык жана экономикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кылуучу илимий проблеманы, тактап айтканда, ЖОЖдордогу билим берүүнүн натыйжасы аркылуу даярдалып жаткан адистердин кесиптик билим сапатын башкаруунун илимий негиздерин иштеп чыгууга багытталган. Изилдөө КР 2040 жылдарга чейинки өнүгүү стратегиясына шайкеш келүү менен "Билим берүү жөнүндө" (2003ж.) жаңы мыйзамына, жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн билимин дүйнөлүк деңгээлдеги билим сапатын башкаруу талаптарына жооп берүү тенденцияларын эске алуу менен жазылган.

Дисссертациялык иште коюулуп жаткан проблема өзүнүн татаалдыгы жана маанилүүлүтү менен айырмаланат, анткени теманын аталышында эки чоң проблема жатат, окутуунун натыйжасын камсыз кылуу жана жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу. Диссертант биринчи проблеманы экинчи проблеманы чечүүнүн каражаты деп кароону сунуштап жатат. Каралып жаткан проблеманын актуалдуулугуна карабастан, теманын илимий жактан жазылышы, таризделиши бир топ жакшыртууну талап кылат.

Изилдөө социалдык жана педагогикалык жактан фундаменталдуу, практикалык жактан зарыл болгон КР ЖОЖдор тарабынан кесиптик билим

берүүнүн сапатын дүйнөлүк талаптарга ылайык жогорулатуу, анын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү, ЖОЖдордогу билим берүүнүн натыйжасын мамлекеттик жана эл аралык аккредитация талапатарына жооп берүүсүнө байланышкан социалдык жактан маанилүү жана актуалдуу проблемаларды чечүүнү көздөйт. Учурдагы эмгек рыногунун суроо-талаптарына шайкеш келген, заманбап коомдогу атаандаштыкка даяр, өз алдынчалыгы өнүккөн, жоопкерчилик жана ийкемдүүлүк сапаттарга ээ болгон адистерди даярдоо маселелерине байланыштуу ЖОЖдор тарабынан заманбап бүтүрүүчүлөрдү даярдоодогу карама-каршылыктарды эске алуу менен аткарылган.

**3.** Диссертациялык иштин илимий аппаратында:

**Изилдөөнүн максаты:** окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу жана эксперименталдык түрдө текшерүү деп аныкталган.

Акыркы оңдолгон вариантында “жакшыртуунун механизмдерин иштеп чыгуу” деген тактоо киргизилип, изилдөөнүн максаты тарып калган. Менин пикиримде мурдакы бойдон калтырса туура болмок, себеби “билим сапатын башкаруу проблемасы” КР жаңыдан изилденип жаткан татаал маселе болгондуктан, алгач анын илимий негиздерин аныктоо туура болот.

Аталган максатка жетүү үчүн **төмөнкүдөй милдеттер** коюулган:

1. Жогорку окуу жайларда билим берүүнүн сапатын башаруу системасын өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык абалын изилдөө.
2. Жогорку оуу жайларында билим берүүнүн сапатаын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштkруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо, моделин түзүү жана ишке ашыруу жолдорун изилдөө.
3. Иштелип чыккан моделдин эффеивдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү жана методикалык сунуштарды иште чыгуу.

**4. Диссертациялык иштеги изилдөөнүн натыйжалары, алардын теориялык жаңылык деңгээли.**

Диссертациялык иште каралып жаткан иштин максатына жана милдеттерине ылайык төмөнүдөй натыйжалар алынган:

**1. Натыйжа:** Изилдөөнүн проблемасына байланыштуу илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылаштыруунун негизинде теориялык жактан негиздүү **“октуунун натыйжасы”, “билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу”** түшүнүктөрүнүн мазмуну такталып, алардын жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруудагы орду, учурдагы абалы, дүйнөлүк билим берүү моделдер жана алардын ортосундагы айырмачылыктар ачыкталган.

**2. Натыйжа:** Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун уюштуруучулук-педагогикалык шарттары, билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели, сунушталып жаткан педагогикалык шарттарды

жана моделди тажрыйбага киргизүү билим сапатынын деңгээлнин өсүү көрсөтккүчтөрү (критеийлери) иштелип чыккан.

**3. Натыйжа:** Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды, билим берүүнүн сапатын арттырууга баыгтталган моделди ишке ашыруу боюнча эксперименталдык иштердин натыйжалуулугу аныкталып, билим берүүнүн сапатын башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча ЖОЖдордун структуралык бөлүмдөрү үчүн практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Изилдөөдөгү алынган натыйжалар учурдагы илимий жетишкендиктерди чагылдыруу менен коюлган милдеттердин теориялык жана практикалык жактан жогорку деңгээлде чечилген. Диссертациялык иштеги айрыкча көңүл бурууга арзый турган натыйжа катары КР ЖОЖдордун дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүсүн шарттоочу аккредитациялык иштер жана алардын ЖОЖдордогу билим сапатын башкаруу маселелери ортосундагы байланыштардын ачыкталышын белгилеп кетсек болот.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Каралып жаткан диссертациялык иштин практикалык мааниси жогору, себеби изилдөөдө окутуунун натыйжасын билим берүүнүн негизги критерийи деп кабыл алуу менен билим берүүнүн сапатын башкаруунун уюштуруучулук-педагогикалык шарттары, модели, билимди баалоо каражаттар фондусу, уюштуруучулу эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча жогорку окуу жайлардын структуралык бөлүмдөрүнө практикалык сунуштар менен жабдылган.

Автор тарабынан иштелип чыккан практикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайларда билим берүү сапатын башкаруу иштерин уюштурууда колдонулушу мүмкүн.

**6. Изилдөөдөгү корутундулардын жана жоболордун ынанымдуулугу жана негиздүүлүгү:**

Изилдөөдөгү жактоого сунушталып жаткан жоболор каралып жаткан иштин логикасына, анын максат, милдеттерге шайкеш тандалган методдорду колдонуу менен тажрыйба-эксперимент аркылуу текшерилип, илимий чөйрөдө апрбациядан өтүп, илимий басылмаларда жарык көргөн. Изилдөөдө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу жүргүзүлгөн. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалар жана коргоого сунушталып жаткан жоболор изденуучу тарабынан жеке иштелип чыккан.

7. **Автorefераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдеенун максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелерй бири бирине иденттуу.

**8. Диссертациялык иште тактоону жана анын илимий деңгээлин күчөтүү максатында төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:**

Изденүүчү Омуров Н. К. тарабынан аткарылган “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каржаты катарында”

аттуу диссертациялык иштин илимий деңгээлин жогорулатуу максатында төмөнкүлөргө көңүл буруу зарыл:

1. Илимий аппаратта (5-6 б) изилдөөнүн проблемасын даана жана так берүү зарыл.
2. Заманбап билим берүү системасында окутуунун натыйжалуугунун негизги көрсөткүчү болочок адистин компетенттүүлүгү болгондуктан, изилдөөнүн методологиялык бөлүгүндө - 2.1. компетенттүүлүк жагдайды кеңирирээк берүү керек.
3. Диссертациялыкк иштин логикасы, максаты: окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздерин иштеп чыгуу жана аларды эксперименталдык түрдө текшерүү болгондуктан, изидөөнүн теориялык бөлүгүндө окутуунун натыйжасы менен анын сапатын башкаруу ортосундагы байланыштарга, закончeнемдүүлүктөргө, принциптерге көңүл буруу керек.
4. Коргоого коюлуучу негизги жоболордун 1 ноктасын далилдөөнү талап кылуучу тезис түрүндө берсе жакшы болмок, азыркы таризделишинде эмнени жактай тургандыгы түшүнүксүз калууда.

5. Азыркы абалында дисссертациялык иштин корутундусу 1 гана бетти түзүп, изилдөөдөн келип чыккан натыйжалардын мазумунун, алардын баалуулугун жетишээрлик деңгээлде чагылылдырбай турат, демек корутунду кайрадан иштеп чыгууну талап кылат.

Белгиленген мүчүлүштүктөр диссертацияык иштин жалпы беделине шек келтирбейт, алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларын жогорулатуу максатында көрсөтүлдү.

**9. Сунуштар:** Жогоруда белгиленген кемчиликтерди алдын ала коргоого чеийн оңдоо-түздөө зарыл.

**10. Корутунду.**

Омуров Нурлан Кубатовичтин “Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим беруунун сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим беруу программасынын мисалында)” аттуу 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учуй жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык эмгек болуп эсептелет. Аталган диссертациялы ишти алдын ала коргоого кабыл алууга болот, - деп эсептейм.

**Эксперт:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**Жогорку мектептин педагогикасы**
**кафедрасынын профессору, п.и.д.** **Асипова Н.А.**

**Дата: 24.01.2024.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ
АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
Эксперт Н.А. Асипованын кол тамгасын тастыктайм
Окум. катчы Абдыкаппарова А.
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ